# Калыгул Жусупов атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылдарына отчёт анализи мониторинги

## 2021-2022-окуу жылындагы окуу процессиндеги анализдер

### 1.Киришүү:

Окуучуларды окуу тарбия процессинде таанып билүү активдүүлүгүн калыптандыруу проблемасын негизинде мектептин максаты ар бир окуучунун табигый мүмкүнчүлүктөрүн кенейтүү,прогрессивдүү технологияларды жайылтуу болуп саналат.

Мектепте 203/89 окуучу окуйт.Аларга 25 мугалим үзүрлүү эмгектенип өз билимдерин беришүүдө. Мектепте өз ишин берилип сүйгөн,кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө дайыма иштеп,чыгармачылык менен изденип,жаныча ойлонгон мугалимдерибиз бар.




2021-2022-окуу жылында Калыгул Жусупов атындагы орто мектеп «билим берүү»мыйзамынын билим берүү тармагында иштеп жаткан Улуттук программага жана мектептин Уставына негизинде ылайык окуу жылында окуу пландарын ишке ашыруу максатында төмөнкү варианттар боюнча иш алып баруудабыз.

1-4-класс:Базистик вариант

5-9-класс:Базистик вариант

10-11-класс Базистик вариант

Базистик вариант менен окуу планы түзүлүп,өндүрүштүк пландар бекитилип,мыйзам чегинде окутуу-тарбиялоо иштери жүргүзүлүп жатат.
Окутуу жана тарбиялоону жакшыртуу планынын милдеттерине жараша мектептин ишмердүүлүгүнө төмөнкү аракеттер негизделген:
1.Окуу планын аткаруу

2.Окуучулардын жетишкендиктери
3.Уйротүү, тарбия берүү,окутуу
4.Мектептеги климат же ички эрежелер
5. Ресурстар

## 2. Кадрлар менен иштөө:

2021-2022-окуу жылында К.Жусупов атындагы орто мектепте жалпы 24 мугалим бар. Бул мугалимдердин ичинен 1 мугалим декреттик отпускада,1мугалим даярдоо классынын мугалими.Баардык мугалимдер өз адистиги менен сабак беришет,химия жана музыка мугалими жетишсиз. Мектеп администрациясы ишмердүүлүктү натыйжалуу алып баруу максатында пед жамаат менен окуу жылынын башында директорго,окуу бөлүм башчысына,окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарына,профкомго,кабинет башчыларына,класс жетекчилерге,усулдук жетекчилерге,китепканачыга тиешелүү функционалдык милдеттери кабыл алынып,кол коюлуп бекитилген жана ар бирине берилген.

Мектепте 12 класс комплект бар 5 методикалык бирикме иш алып барат
«Жеткинчек»башталгыч классбирикмеси жетекчиси Байзакова Ч
«Пифагор» так илимдер бирикмеси жетексчиси Ибраева М
«Дилазык»тил илимдер бирикмеси жетекчиси Токсумакова Г
«Жашыл аалам»табыгий илимдер бирикмеси жетекчиси Султанова Ж
«Чеберлер»бирикмеси жетекчиси Байбүтөшова А
Соц педагог-Султанова Жаркын
Профсоюз уюмунун торайымы-Исмайилова Марипа
Китепканачы-Акылбек кызы Гулниза

Мугалимдерди мезгил мезгили менен өз билимдерин жогорулатуу курстарына барып турушат.2021-жылы атайын курска барып кесиптик чеберчилигин жогорулатып келишти.Алар:

1.орус тилчи мугалими Чапкынчиева Нурзада
2.китепканачы Акылбек кызы Гулниза

Мындан сырткары област,район ичинде өтүлгөн семинарларга мектеп администрациясы,завуч,метод бирикме жетекчилер.предметтик мугалимдер катышып турушат

## 2.Окуу процесси

Калыгул Жусупов атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы эн негизги милдеттердин бири «Сапаттуу билим»программасынын негизинде баалоонун турлорун,окутуунун жана тарбиялоонун интерактивдүү методдорун сабактарда колдонуу,ал эми башталгыч класстарда «Бирге окуйбуз»,»Келгиле окуйбуз»долбоорунун алкагында окуутунун жаны технологияларын колдонуу менен бардык сабактардан билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иштешүүдө. 2021-2022-окуу жылында мектептин башталгыч классында 95 окуучу билим алышууда алардын ичинен 18окуучу отличник,10 окуучу ударник болушту.

1-2-класстардан биринчи жарым жылдыкта баа коюлбагандыктан 3-класстан 5окуучу отличник 4окуучу ударник,4-класстан 3окуучу отличник,2окуучу ударник окушту башталгыч класстардын билим сапаты 60 процентти түздү.

Ата энелерди сабакка катыштыруу жакшы жолго коюлган »Келгиле окуйбуз» долбоорунун алкагында ата энелер чогулушу жана сабаттуулук күнүнө карата башталгыч класстарда иш чара өтүлдү.Башталгыч класстын мугалимдери 2-чейрекке төмөндөгүдөй милдеттерди коет:

1.Окуучулардын коллеграфиясын ондоого жетишүү
2. Окуучулардын шар,көркөм окуп,түшүнүктөрүн айтып берүүгө жетишүү
3.Математикалык логикалык эсептөөлөргө окуучуларды көнүктүрүү
4.Кошумча сабактар өтүү
5.Начар окуучулар менен иштөө
6.Озгөчо жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу




Баардык сабактар боюнча китеп дептер,күндөлүктөр менен толук камсыз болушкан.»Келгиле окуйбуз»долбоорунун негизинде окуйбуз. Окуучулар китептерди окушуп,окуган китептери боюнча текст түзүшүп,сүрөт тартышат. Мазмунун айтып беришет.Окуучулардын кол жазмасы орто,тыбыш талдоодо ката кетиришет.Математика сабагынан башталгыч класстарда окуучулардын денгээли канаттандыраарлык. Дептерлери убагында текшерилип турат.Окуучулар көбөйтүүнүн жадыбалын дээрлик көбү жатташкан.
3-чейректен баштап атаэнелер менен сүйлөшүүлөр жүрүп билим сапаты көтөрүү сунуштар айтылып,иш аракеттер пландаштырылды.

1.Өз алдынча мисал маселелерди иштөөдө логикалык ой жүгүртүүчү материалдарды колдонуу жана кызыктыруу


5-11-класстарда 101 окуучу билим алышууда алардан 7окуучу отличник,6окуучу отличник болуп билим сапаты 5-9-класстарда 31процент жана 10-11-класстарда 52,9проценти тузушту.

5-11-класстардын предметтик мугалимдери баалоонун түрлөрүн колдонуу менен интерактивдүү методдорду сабакта киргизип мугалимдер окуучулар менен биргеликте иш алып баруда.Белгиленген ачык сабактарын отүштү. Окуучуларга кошумча тапшырмалар берилди.Предметтик мугалимдер жөндөмдүү жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөө папкасы уюштурулган.Окуучулар жоопкерчилик менен мамиле жасады.

2021-2022-окуу жылында тил күнүнө карата жана 12-декабрь уулу жазуучу Ч.Айтматов,белгилүү акын Алыкул Осмоновдун жаркын элестерин эскерүү иретинде ачык сабактар өтүлүп, доклад окулуп,слайддар көргөзүлдү,бурчтар уюштурулуп,стен газеталар чыгарылды.

Предметтер боюнча окуу программасында көрсөтүлгөн талаптарды аткарууга аракет кылууда. 2-чейректе окуучулардын билим сапатын жогорулатуу максатында төмөнкүдөй жаны милдеттер белгиленди.

1. Окуучулардын ата энеси менен кызматаштыкты күчотүү
2. Предметтик сабактар боюнча окуучулардын билим сапатын системалуу жогорулатуу
3. Окуучулардын теориялык билимдерин практика менен тыгыз байланыштырып сабактын турмуштулугун артыруу
4. Окуутунун баалоонун жаны ыкмаларын сабакта көбүрөөк пайдалануу
5.



10-11-класстарда предметтик мугалимдер ОРТга даярдап «СЕКОМ»дон тапшырма берип турат.Мугалимдин жөндөмдүү жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен папкасы жакшы жолго коюлган жыл башында алынган анкетанын негизинде окуучуларды тандап алып ошол боюнча иш алып барып олимпиадага даярдап  ошол боюнча иш алып барышат.Окуучуларыбыз «СЕКОМ»дон кошумча билимдерди алышууда.Кошумча маалыматтарды жана материалдарды колдонуу менен билим сапатын көтөрүү


Окуучулардын практикада алган билимдерин практикада колдоно билүүгө жетишүү

-Өз алдынча иштөөлөрүн такай көзөмөл кылуу ар бир мугалимдин милдети




Жалпы мектеп боюнча билим сапаты 46,7 процентти түздү.
2020-2021-окуу жылына «окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу»боюнча билим сапатына которуу жана туура тарбия берүү максаты коюлган,жалпы мектеп жамаатынын жигердүү эмгегинин натыйжасында коюлган максат ишке ашырууга аракет болууда.

**Калыгул Жусупов атындагы орто мектебиндеги жалпы класстары боюнча мониторинги 2021-2022-окуу жылындагы жарым жылдыктын жыйынтыгы**




| | 11-класс | 10-класс | 9-класс | 8-класс | 7-класс | 6-класс | 5-класс | 4а-кл | 4б-кл | 3-класс | 2-класс | жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-чейрек | 50 | 57 | 38 | 11 | 40 | 29 | 41 | 56 | 61 | 62 | | 44 |
| 2-чейрек | 50 | 54 | 44 | 25 | 45 | 36 | 59 | 52 | 53 | 52 | | 43 |

**Жаш мугалимдер насаатчылар менен иш баруу** жакшы денгээлге коюлду.Жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилип,сабак беруунун методдору,сабакка даярдануу,озун алып журуу боюнча корсотмолор берилди.Насаатчы мугалимдер менен бирге мектеп администрациясы системалуу турдо узгултуксуз иш алып барды,жаш мугалимдер учун ачык эшик жарыяланды,ачык сабактардын тизмеги коюлду.Сабактын планын жазууда максатын,негизги тушунукторун жана башка элементтерин пайдалануунун эффективдуу жолдору корсотүлдү

1-жарым жылдык ичинде чейрек сайын административдик текшеруу иштер ,жат жазуулар,тесттер алынып турду.Экинчи жарым жылдыктан баштап

администация тарабынан мугалимдердин сабактарына катышып,кемчиликтери жана жетишкендиктерине анализ берип турдук.Тажрыйбалуу мугалимдерибиздин тажрыйбаларын жайылтуу максатында сабак-тренингдер,ачык сабактар өтүлдү

Мектеп окуучулардын «Окуучулардын билим сапатын жакшыртуу жана интеллектуалдык чыгармачылыгын өстуруу» деген проблеманын устундо иш жүргүзүлдү.Жылдык, жумалык иш пландар түзүлүп ,бекитилип иштер алып барылды. Окуу жүгүртмөлөрү өз убагында түзүлүп ,бекитилип турду.Мектепте педагогикалык кенеш,өндүрүштүк кенешме директор алдындагы кенешмесинин иш пландары түзулүп жана аткарылып келе жатат .»Ден соолукту сактоо жана жаштарды колдоо» жылына карата 1-4-класс »Ата Журттум-асыл Мекеним», 5-11-класс «Туболукко желбирей бер,эгемендин желеги»,10-11-класс «Мекенибиз Кыргызстан эгемендуулук жолунда» деген темада ачык тарбиялык сааттар өтүлдү. 23-сентябрь тил кунуно карата бир айлык иш чара жарыяланды. Эне тилим –эне сутум» деген темада дилбаян ЭССЕлер жазылды.

«Мамлекеттик тилдин беделин көтөрүү- жалпыбыздын милдеттибиз» , »Эне тилибиздин баалуулугу,көркөмдүгү адабиятыбызда» деген темада сабактар өтүлдү. Карылар кунуно карата «Карылар –төрдүн көркү», «Карысы бардын-ырысы бар»,«Кары келсе –ашка,жаш келсе -ишке» деген темада сабактар өтүлүп видео слайддар көргөзүлдү.

Мектепте мугалимдер арасында «мыкты методикалык бурч»жана «мыкты көрсөтмө курал»конкурстары белгиленип 18-январда көргөзмө куралдардын жыйынтыгы чыгарылды.

Ушул эле жылдын 2-мартында «Окуучулардын билим сапатын көтөрүү менен мугалимдердин иш тажрыйбаларын жайылтуу»темасында өрөөндүк семинар


өткөрдүк.СеминаргаНарын райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Гүлбарчын Исакова,усулдук кабинетин жетекчиси Бурулсун Исакова,Чет-Нура өрөөнүнүн жетекчилери жана мугалимдери катышты.

Семинардын темасы:»Окуучулардын билим сапатын көтөрүү менен мугалимдердин иш тажрыйбаларын жайылтуу»


Семинардын максаты:Ар бир окуучунун табигый мүмкүнчүлүгүн,шыгын,жөндөмүн аныктап билим берүүдө окутуунун жаны технологияларын пайдаланып,окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу.

Семинарда мугалимдер учурдун талабына ылайык интерактивдүү сабактарды көрсөтүштү.Ар бир сабакта педагогдор окуучулардын билим билгичтиктерин көндүмдөрүнө таянып,окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнө көнүл бурулду.


«Сиздин баланыз окуучу болду»деген темада ата-энелердин катышуусу менен тарбиялык сааттар өтүлүп,ошону менен бирге мугалимдер тарабынан «заманбап технологиялар»жаны усулдар боюнча тренинг өтүп беришти





2020-2021-окуу жылдын жана 2021-2022-окуу жылдын билим сапатынын жылдык отчёт анализи





**Калыгул Жусупов атындагы орто мектебинин башкаруу структурасы**




Предметтик тесттердин жыйынтыгы





6-класстын предметтик тесттеринин мониторинги





7-класстын  предметтик тесттеринин мониторинги




8-класстын предметтик тесттеринин мониторинги




9-класстын предметтик тесттеринин мониторинги




10-класстын предметтик тесттердин мониторинги